Ош эл аралык медициналык университетинин табигый-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын №5 протоколунан көчүрмө

**2025-жылдын 22-декабры**

Кафедра мүчөлөрүнүн жалпы саны: **35**
Катышкандар: **28**
Катышпагандар: **7**

**Күн тартиби:**

**3. Ар кандай маселелер**

3.1. ОЭАМУнун административдик кеңешинде 2025–2026-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгын жыйынтыктап жатып, кафедрадан эки окутуучуга университеттинин ардак грамотасын берүү жөнүндө.

**Угулду:**
Кафедра башчысы, филос.и.к., доцент Юсупова Р.О. сөз сүйлөп, кафедрадан эки окутуучуга гана ардак грамотасы ыйгарылары каралганын маалымдады. Ошондой эле, бул сыйлыктардын ээлери белгилүү критерийлердин негизинде кафедра башчысы жана кафедра мүчөлөрү тарабынан көрсөтүлүшү керек экендигин эскертти.

**Сөз сүйлөгөндөр:**

1. **Көчкөнбаева С.И.** – кафедрада жыл этегинде окутуучулардын аткарган кызматтарын эске алып, сыйлык тапшыруу – бул, жакшы жөрөлгө экендигине баа берип, мындай коомдук маданий-массалык иш-чараларды уюштуруп, активдүү чыгармачылык жагын көрсөтө алган окутуучу катары К.Ж. Осмонованы жана Н. Ботобекованы ардак грамотасына сунуштоону туура көрдү.
2. **Абдуллаева Б.А.** – сөзгө чыккан окутуучуларга кошулаарын айтып, жогорудагы окутуучуларды көрсөтсө туура чечим боло тургандыгын жана бардык кафедра мүчөлөрүн колдоп берүүлөрүнө чакырды.
3. **Юсупова Р.О.** – негизинен мындай тандоого баары эле макул боло тургандыгын жарыялап, кафедра башчы катары өзү да колдогондугун баса белгиледи.

**Токтом кылынды:**

1. 2025–2026-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгын жыйынтыктап жатып, кафедра окутуучуларынан К.Ж. Осмонованы жана Н. Ботобекованы университеттин ардак грамотасы сыйлыгына сунушталсын.

2. Жогоруда көрсөтүлгөн сунушту университеттин Окумуштуулар кеңеши колдоп берсин.

Төрайым: Юсупова Р.О.

Катчы: Алдашбек к. Н.